# Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2019-жылдын 2-чейреги ичиндеги ишине жүргүзүлгөн көзөмөлдүн (оверсайт) жыйынтыгы боюнча отчет

## I. Улуттук төлөм системаларынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

*Эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы финансылык тобокелдиктер.* Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 2-чейрегинде жүгүртүү коэффициентинин 14,09 пайызга жогорулагандыгы байкалган, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти 12,35 пайызга азайган. Көрсөткүчтөрдүн мындай өзгөрүүсү операциялык күн ичинде катышуучулардын дебеттик жүгүртүү суммасынын (0,76 пайызга) жана системада акча каражаттар калдыгынын 11,69 пайызга азайышы менен шартталган. Өзгөрүүлөр 1 жана 2-графиктерде көрсөтүлгөн.



1-график. ГСРРВдагы финансылык тобокелдиктер деңгээли



2-график. ГСРРВдагы ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы.


Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 775,97 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 8,4 пайызга жогору болгон, ал Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу өтүүчү операциялардын көлөмүнүн өзгөрүшүнөн улам жүргөн.

Системанын катышуучуларынын төлөмдөрүнүн кезекте катталышы ликвиддүүлүк тобокелдигинин белгилеринин бири болуп эсептелет. Отчеттук мезгил ичинде системанын үч катышуучусунун жалпы 102,82 млн сом суммасындагы 28 төлөмү айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында кезекте катталгандыгы белгиленген (салыштыруу үчүн 2019-жылдын 1-чейрегинде кезекте 2 төлөм катталган).


3-график. Кезектеги төлөмдөрдүн саны жана өтпөй токтоп калуунун суммардык убактысы


Төлөмдөр көлөмүнүн ликвиддүүлүк деңгээлине карата катышына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде системадагы жүгүртүүгө карата катыш боюнча ликвиддүү каражаттардын көрсөткүчү жетиштүү жогору болгондуктан, системада финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калгандыгын белгилөөгө болот.

*Операциялык тобокелдиктер.* Жеткиликтүүлүк көрсөткүчү отчеттук мезгилде 100,00 пайызды түзгөн, ошол эле учурда, системадагы операциялык тобокелдик деңгээли катышуучулар тарабынан регламент узартылгандыгынан улам (жалпы узартуу убактысы 6 саат 26 мүнөттү түзгөн), системанын жалпы иштөө убактысынын 2,22 пайызын түзгөн (бул өткөн мезгилге караганда 0,86 пайызга төмөн).


4-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы


Үзгүлтүктөр Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайын

чечими менен айдын акыркы 3 күнү ичинде жөнгө салынат.

## 2. Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

*ПКСтеги финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде дебеттик таза позициянын акча каражаттарынын белгиленген камынан артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. Төмөнкү графикте көрсөтүлүп тургандай, катышуучулар ПКСте акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан да көбүрөөк каражатты резервге коюшкан.


*5-график. 2019-жылдын 2-чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган камдын катышы (млн сом)*




Ошентип, катышуучулар тарабынан коюлган кам дебеттик таза позициянын ордун жабууга каралган каражаттардын зарыл деңгээлинен 4,8 эсе ашкан.


ПКСте система менен четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 468,8 млн. сом суммасында (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 0,9 пайызы) 9,14 миң төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 0,35 пайызы). Төлөмдөрдүн четке кагылышынын негизги себеби “Башка төлөмдөр” болгон.

6-график. КБ ПКС ичиндеги төлөмдөрүнүн саны




*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* 2019-жылдын 2-чейрегинде ПКС ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100,0 пайызды түзгөн. Системадагы операциялык тобокелдик деңгээли катышуучулар тарабынан системанын иш регламентин узартуунун натыйжасында 3,46 пайыз чегинде катталган (катышуучулар тарабынан мөөнөтүн узартуулардын суммардык убактысы 13 саат 58 мүнөттү, анын ичинен максималдуу узартуу убактысы 1 саат 30 мүнөттү түзгөн).

7-график. 2019-жылдын 2-чейреги үчүн Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы




## 3. «Элкарт» карттары менен эсептешүүлөрдүн системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. «Элкарт» улуттук системасында маанилүү төлөм системаларынын ишине андан ары жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, системанын ишинде убактылуу үзгүлтүктөрдөн улам, 2019-жылдын 2-чейрегинде системанын жеткиликтүүлүк деңгээли 99,62 пайызды, ал эми операциялык тобокелдик деңгээли - 0,38 пайызды түзгөн.

**8-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы**




## II. Төлөм инфраструктурасынын ишин контролдоо

Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 2-чейреги ичинде төлөм системаларынын ишине байланыштуу 38 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- *электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 50,00 пайызын түзгөн.
- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 42,11 пайызын түзгөн.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 7,89 пайызын түзгөн.




### 4. SWIFT сервис бюросунун иштеши

2019-жылдын 2-чейреги ичинде техникалык үзгүлтүктөр катталган эмес, ал эми системанын жеткиликтүүлүк коэффициенти 99,59 пайызды түзгөн. Жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн төмөндөшүнө жүргүзүлгөн алдын алуу иштери таасир эткен. Улуттук банктын СВИФТ сервис бюросу жөнүндө жобого жана келишимдерге ылайык, алдын алуу иштерин жүргүзүү тууралуу катышуучуларга алдын ала маалымдалган. Келишимге ылайык штаттан тышкаркы жагдайлар келип чыккан шартта коммерциялык банктар билдирүүлөрдү өткөрүү үчүн альтернативдүү каражаттарды пайдаланууга тийиш.

SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

## III. Төлөм системасында операциялык тобокелдиктерди талдап-иликтөө

### 5. Санкциясыз ишке ашырылган операцияларды талдап-иликтөө

Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттордун алкагында коммерциялык банктардан төлөм карттары менен эсептешүү системаларында санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча алынган маалыматтарга талдап-иликтөө жүргүзүүнүн жыйынтыгында 2019-жылдын 2-чейрегинде эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу аркылуу 30 шектүү операция жүзөгө ашырылгандыгы катталган. Мындай операциялардын суммасы 195,7 миң сом чегинде катталган, бул картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн 0,0003 пайызын түзөт.

1-таблица. Банктык карттарды пайдалануу аркылуу санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтар

| *Санкциясыз ишке ашырылган операциялардын түрлөрү* | *2018-ж. 2-чей.* | | *2019-ж. 1-чей.* | | *2019-ж. 2-чей.* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Интернет-транзакция** | **10** | **71 043,75** | **33** | **184 214,80** | **24** | **162 430,66** |
| *-Visa* | 10 | 71 043,75 | 33 | 184 214,80 | 24 | 162 430,66 |
| **POS-терминал аркылуу транзакциялар** | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | - | - | - | - | - | - |
| **Накталай түрдө алуу** | **6** | **57 985,96** | **47** | **511 979,20** | **6** | **33 221,05** |
| *-Visa* | 6 | 57 985,96 | 47 | 511 979,20 | 6 | 33 221,05 |
| *-Элкарт* | - | - | - | - | - | - |
| **Блокировкаланган транзакциялар** | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | - | - | - | - | - | - |
| **Бардыгы** | **16** | **129 029,71** | **80** | **696 194,00** | **30** | **195 651,71** |


Банкоматтан акча чыгаруу жана интернетке төлөө аркылуу банктык карттардагы маалыматтарды санкциясыз пайдалануу менен алдамчылыкка баруу финансылык жоготуулардын келип чыгышына себеп болушу мүмкүн. Банктар, банктык карт тууралуу купуя маалымат пайдаланылган түйүндөрдү аныктоо боюнча иштерди жүргүзүп, купуя маалымат пайдаланылган карттарга бөгөт коюлган. Карт ээлерине акча каражаттарын кайтаруу үчүн төлөм системасынын эрежелерине ылайык териштирүү иштери жүргүзүлүп жатат.


## 6. <u>Катышуучулардын төлөм системаларынын иш үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>

Банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, 2019-жылдын 2-чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын төлөм системаларынын ишине байланыштуу 328 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө болот:

- <u>*электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр*</u> – төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 48,48 пайызын түзгөн.
- <u>*байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр*</u> төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 13,72 пайызын түзгөн.
- <u>*аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр*</u> төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 37,80 пайызын түзгөн.




Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдардын келип чыгышын шарттаган эмес, бирок алар банктардын аброюна, ошондой эле кардарлардын банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана төлөм системаларынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын пайда албай калуу тобокелдигин да шартташы мүмкүн.